**13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча Шамканова Гульмира Жылкычыевнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Мектепке чейинки балдардын кеп маданиятын дене тарбия көнүгүүлөрү аркылуу өстүрүүнүн педагогикалык шарттары (3-5 жаштын мисалында)» темасындагы диссертациясына расмий оппоненттин**

# ПИКИРИ

**Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу.** Изилдөөнүн актуалдуулугу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы 2012-2020-жылдарга "Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө" № 201-Токтомунда көрсөтүлгөн мектепке чейинки билим берүүнүн мазмунун өзгөртүүнүн зарылдыгы менен шартталат жана мектепке чейинки билим берүүчү уюмдарга 3 жаштан 6 жашка чейинки курактагы балдар үчүн өнүктүрүү, окутуу жана тарбиялоо программаларын киргизүү менен мүнөздөлөт.

Мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндө өрнөктүү тажрыйбалардын мисалдары жана теориялык изилдөөлөрдөгү көп кырдуу тажрыйбалардын арбындыгына карабастан, мектепке чейинки балдардын кептик баарлашуу маданиятын өнүктүрүү маселеси изилденбеген бойдон калууда. Ошого байланыштуу төмөнкүдөй карама-каршылыктар даана көрүнүп турат: мектепке чейинки билим берүүнүн мазмунун өзгөртүүнүн зарылдыгы менен мектепке чейинки балдардын кеп маданиятын өнүктүрүүгө өбөлгө болуучу билим берүү программаларынын жоктугунун ортосундагы; мектепке чейинки балдардын кеп маданиятын калыптандыруунун зарылдыгы менен аны калыптандыруу жана өнүктүрүү механизминин жоктугунун ортосундагы.

Аталган карама-каршылыктар Г.К.Шамканованын төмөндөгүдөй изилдөө проблемасын аныктады: мектепке чейинки балдардын кеп маданиятын дене тарбиялык көнүгүүлөрдүн мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу аркылуу өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо жана иштеп чыгуу.

Диссертация киришүүдөн, үч главадан, корутундудан, пайдаланылган булактардын библиографиялык тизмесинен турат. Диссертациянын өзөктүк мазмуну автордун ата мекендик жана чет өлкөлүк алдынкы илимий-педагогикалык басылмаларында жарык көргөн.

Ушулардын бардыгы диссертациянын автору тарабынан изилдөөнүн ар кайсы этаптарында төмөндөгүдөй аспектилер боюнча чоң жана олуттуу иш жүргүзүлгөндүгүн ырастап турат:

*а) биринчиден,* ата мекендик жана чет өлкөлүк илимий-педагогикалык адабияттарга теориялык талдоо жүргүзүлгөн; илимий иштерге талдоо жүргүзүлгөн жана анын натыйжасында ой жүгүртүүнүн, кабылдоонун, сезүүнүн, иш-милдеттик мотор асимметриясынын, булчуңдун иштешинин, дене-бойдун жетилишинин, мээнин иш-милдеттик асимметриясынын, манжа гимнастикасынын ж.б. мектепке чейинки баланын кеп маданиятынын өнүгүшүнө тийгизген таасири аныкталган; бул мектепке чейинки баланын өнүгүүсүнүн сензитивдик (сезимдердин калыптануусу) мезгилинин маанилүүлүгүн негиздүү аныктаган жана кеп маданиятын өнүктүрүүнүн факторлорун санап көрсөткөн; балдардын колу менен жасаган кыймыл-аракет көндүмдөрүн өнүктүрүүгө тийгизген таасири жана нерв системаларынын, булчуң жана сөөк системаларынын кыймылдары менен өз ара байланыштуулугу тастыкталган; сүрөт тартуунун, конструкторду жыйноонун, бедиздерди чогултуунун мектепке чейинки баланын мээ сезимин өнүктүрүүгө тийгизген таасирин негиздеп аныктаган.

КРнын мамлекеттик билим берүү стандартында көрсөтүлгөн жаш курактык мезгилдерге бөлүштүрүүгө ылайык, диссертант экинчи кенже жана

ортоңку тайпалардагы балдардын курагына туура келүүчү 3 жаштан 5 жашка чейинки курак боюнча булактарга талдоо жүргүзгөн.

*б) экинчиден,* изилдөөнүн предметтик тарамында болуу менен, автор өзүнүн изилдөөсү үчүн методологиялык өңүттөрдү жана методдорду иргештирген, мектепке чейинки балдардын кеп маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын иштеп чыккан жана анын калыптануу процессин сыпаттап баяндап көрсөткөн.

Диссертант кыймыл-аракеттердин түрлөрүн тандоодо мектепке чейинки балдардын жаш курактык жана индивидуалдуу-психологиялык өзгөчөлүктөрү принцибин эсепке алуунун маанилүүлүгүн негиздеп көрсөткөн. Мисалы, дене тарбиялык кыймылдар, кыймылдуу оюндар, манжа гимнастикасы, көз, дем алуу гимнастикалары, эмоциялык кыймылдар сыяктуу жигердүү кыймыл-аракеттердин түрлөрү менен бирге диссертант кеп маданиятын өнүктүрүүнүн угуу жана сүйлөө, окуу жана жазуу, көйгөйлөрдү чечүү, логикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү, символдорду көрсөтүү сыяктуу түрлөрүн сунуштайт.

М.Ф. Фомичёванын материалдарынын негизинде мектепке чейинки балдардын кеп маданиятын өнүктүрүү боюнча эксперименттик иштердин фрагменттерин сыпаттап көрсөткөн. Андан тышкары, дене тарбиялык көнүгүүлөрдү жасоо учурунда кеп маданиятын өнүктүрүүнүн ыкмаларын жана методдорун системалаштырган, 3-5 жаштагы балдардын кептик маданиятын дене тарбиялык көнүгүүлөрдү колдонуу менен өнүктүрүүнүн моделин иштеп чыккан.

*в) үчүнчүдөн,* автор тарабынан иштелип чыккан мектепке чейинки балдардын кеп маданиятын дене тарбия көнүгүүлөрү аркылуу өнүктүрүүнү калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугу тажрыйбалык-эксперименттик иштерди жүргүзүү жолу менен далилденгендиги демонстрацияланып көрсөтүлгөн.

Экспериментти сыпаттап жазуу менен, автор тамга/тыбыштардын айрым топторунун (үнсүздөр, үндүүлөр, шуулдама, каткалаңдар, “Ө”,“Ү”

үндүүлөрү) айтылышы боюнча жүргүзүлгөн талдоолордун мисалдарын психологиялык-дефектологиялык көз караштан мүнөздөп жазган, мектепке чейинки балдардын сөздү айтуудагы кемчиликтерин, айтылышы бир кыйла оор тамгаларды дифференцирлеп, %дык катыштар менен көрсөткөн.

Мен диссертант тарабынан балдардын айрым тамгаларды айтышына талдоо жүргүзүү боюнча экспериментинин маалыматтары, ошондой эле колу менен кыймыл-аракетин өнүктүрүү үчүн көнүгүүлөрдүн мисалдары тарбиячылар эле эмес, ата-энелер дагы баланын сөздү айтуудагы кемчиликтин алдын алуунун жана тийиштүү чара көрүнүн маани-маңызын терең түшүнүшүн шарттап турат деп ойлойм.

Ушул мааниден алганда, автор кылдат жана натыйжалуу иш жасаган.

**Илимий жоболордун, корутундулардын жана сунуштардын негиздүүлүгүнүн деңгээли жана алардын ынанымдуулугу** төмөнкүлөр менен камсыз кылынган:

- проблеманы автор тарабынан колдонулган инсанга багытталган, ишмердүүлүк жана системалык өңүттөргө таянуу аркылуу караштыруу методологиясы менен;
- изилдөөдө сынактан өткөн илимий-методикалык аппараттын колдонулушу менен;
- изилдөөнүн ынанымдуулугу изилдөө предмети боюнча мурдагы илимий-изилдөө иштерине ар тараптуу талдоо жүргүзүүгө негизделгендиги менен;
- тажрыйбалык-педагогикалык иштердин ырасталган верификацияланган натыйжаларына таянуу менен.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын илимий жаңылыгы**:

- мектепке чейинки баланын кыймыл-аракеттик өнүгүшү менен кеп маданиятынын ортосундагы байланыштар аныкталды;

- 3-5 жаштагы балдардын кеп маданиятынын, эс-акыл өнүгүшүнүн жана колунун кыймыл-аракетинин өнүгүүсүнүн калыптануу мыйзам ченемдүүлүктөрү аныкталды;
- мектепке чейинки баланын кеп маданиятын калыптандыруу процессинде кол манжаларынын координациясын өнүктүрүү үчүн жалпы өстүрүүчү, элдик музыкалык-ыргактык жана бий көнүгүүлөрүн колдонуу мүмкүндүгү далилденди:
- мектепке чейинки баланын кыймыл ыргагын, сенсордук-кыймылдык жөндөмдүүлүктөрүн кеп маданияты менен бирдикте өнүктүрүүгө багытталган комплекстүү дене тарбия методикасы сунушталды.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгын камтыган бир кыйла олуттуу натыйжалар төмөнкүлөр болуп саналат:**

- автор мааниси жагынан диссертациянын мазмунунда берилген "кептик маданият" деген түшүнүккө үндөшүп кеткен "кеп маданияты" деген түшүнүктүн мазмунун тактап тастыктаган;
- кеп маданиятын калыптандыруунун моделин иштеп чыккан;
- кеп маданиятын калыптандыруунун методдорун системалаштырган;
- кеп маданиятын калыптандырууда мектепке чейинки баланын андан ары карай өсүп жетилүү баскычтарында сүйлөөгө тоскоол боло турган кептик кемчиликтерди аныктоо боюнча диагностикалык каражаттарды системалаштырган.

**Изилдөөнүн теориялык маанилүүлүгү катары төмөндөгүлөрдү жыйынтыктап көрсөтсөк болот**:

– автор тарабынан системалаштырылган айтуу кемчиликтеринин типологиясы тарбиячыларга жана ата-энелерге бала мектепке барганга чейин анын сөздү айтуудагы кемчиликтерин оңдоо ишин жүргүзүүгө жардам берет;

– автор тарабынан иштелип чыккан теориялык модель анын мектепке чейинки билим берүү уюмдарында баланын кеп маданиятын калыптандыруу боюнча колдонулушун шарттайт.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү** изилдөөнүн жыйынтыктарынын кеңири колдонулуш мүмкүнчүлүгүнө жана сунуштарына байланыштуу. Мектепке чейинки билим берүү уюмдардын тарбиячылары өз ишмердүүлүктөрүндө бул изилдөө ишинин төмөндөгүдөй натыйжаларын колдоно алышат:

- мектепке чейинки балдардын кеп маданиятык өнүктүрүүнүн психологиялык-физиологиялык өзгөчөлүктөрү жана алардын мыйзам ченемдүүлүктөрү;
- диссертант тарабынан сунушталган элдик музыкалык-ыргактык жана бий көнүгүүлөрүн, кыймылдык ыргактагы көнүгүүлөрдү колдонуу мүмкүнчүлүгү;
- мектепке чейинки баланын кеп маданиятын калыптандыруу деңгээлин аныктоо боюнча диагностикалык каражаттар.

**Конкреттүү жыйынтыктарды колдонуу сунуштары жана диссертациянын жыйынтыктары:**

- мектепке чейинки баланын кеп маданиятын калыптандыруу маселеси боюнча мурдагы изилдөөлөргө талдоо жүргүзүү максатында диссертанттар тарабынан колдонулушшу мүмкүн;
- кеп маданиятын калыптандыруунун модели жана шарттары мектепке чейинки билим берүү уюмунда мектепке чейинки баланы "өнүктүрүүнүн жол картасын" иштеп чыгууда негиз катары алынууга болот;
- мектепке чейинки баланын кеп маданиятын калыптандыруу боюнча көнүгүүлөрдүн ар кандай түрлөрүн колдонуу боюнча методикалык сунуштары мектепке чейинки билим берүү уюмдарында методисттер

тарабынан мектепке чейинки баланын кеп маданиятын өнүктүрүү ыкмаларынын бири катары колдонулууга болот.

**Жоболордун жана жыйынтыктардын жарыкка чыгыш деңгээли.** Диссертациянын темасы боюнча автор тарабынан жарыкка чыккан илимий эмгектер илимий изилдөөнүн негизги жыйынтыктарын чагылдырып турат.

**Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта мүмкүн болгон мүчүлүштүктөр:**

**1.** Автор тарабынан диссертацияда колдонулган "кеп маданияты" сөз айкалышы анчалык туура колдонулган эмес, анткени анын түздөн-түз түшүндүрмөсү "индивидуалдуу кептин тилдин ченемдерине ылайык келиши", же "кептин тилдик эрежелерди, этикалык ченемдерди сактоо менен баарлашуунун максатына жетүүнү камсыз кылуучу сапаты" ж.б. дегенди түюндурат. Андан тышкары, КРнын "Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу" мамлекеттик билим берүү стандартында негизги сабак катарында кеп маданияты эмес, "Кепти өстүрүү" деп берилген.

**2.** Диссертант педагогикалык шарттарга кептин үндүк маданияты, атап айтканда, кептин фонетикалык жана орфоэпикалык тууралыгы, кыраттуулугу жана тилдин айкындыгы жаатында Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячыларынын жана методисттеринин кептик маданиятын өркүндөтүү боюнча тренинг жана окутуу программасын кошуп коюшу керек болчу. Анткени балдардын кептик маданиятын калыптандыруу үчүн педагог өзү аны билүүгө тийиш.

**3.** Автор текстте кеп маданиятын калыптандыруунун методикалык иши боюнча мисалдарды келтиргени жана сыпаттап жазганы менен, диссертациянын Тиркемеси жок. Автор элдик музыкалык-ыргактык жана бий көнүгүүлөргө байланыштуу мисалдардын тутумун кенен берсе жакшы болмок.

**КРнын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө Жобонун» 10 п. ылайыктуулугу критерийлерине иштин жооп бериши. «Мектепке чейинки балдардын кеп маданиятын дене тарбия көнүгүүлөрү аркылуу өстүрүүнүн педагогикалык шарттары (3-5 жаштын мисалында)» деген темадагы Шамканова Гульмира Джылкычыевнанын** кандидаттык диссертациясы актуалдуу темага ылайыкталып жазылган, теориялык жана практикалык мааниге ээ. Жыйынтыкталган иш катары эсептелет, жеке аткарылган. Анын илимий жыйынтыктары, жаңычылдыгы жана тактыгы менен өзгөчөлөнөт, диссертациянын негизги жоболору жана жыйынтыктары илимий эмгектерде жарыкка чыккан. Аталган диссертация кандидаттык диссертация талаптарына дал келет, демек, анын автору 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогика тарыхы жана билим берүү адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты деген илимий наамга татыктуу.

**Официалдуу оппонент**
педагогика илимдеринин доктору,
КР БбИМ алдындагы Республикалык
педагогикалык кызматкерлердин
квалификациясын жогорулатуу жана кайра
даярдоо институтунун педагогика, психология
жана социалдык-гуманитардык билим берүү
кафедрасынын профессору Н.К. Дюшеева

14-октябрь, 2019-ж.

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча **Шамканова Гульмира Джылкычыевнанын «Мектепке чейинки балдардын кеп маданиятын дене тарбия көнүгүүлөрү аркылуу өстүрүүнүн педагогикалык шарттары (3-5 жаштын мисалында)»** аттуу темадагы диссертациясын эксперттик баалоонун чен-өлчөмдөрү.

| № п/п | Баалоонун негизги чен-өлчөмдөрү | Баллдардын саны |
|---|---|---|
| **I** | **Актуалдуулуктун чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөө проблемаларынын иликтенгендиги | 5 |
| 2. | Тандалып алынган теманын актуалдуулугунун негизделиши | 5 |
| 3. | Иштелмелерге жасалган мамилелердин артыкчылыктары | 5 |
| 4. | Автордук жумушчу божомолдун логикалуулугу | 4 |
| 5. | Максаттын жана милдеттин баяндалышы жана өз ара байланышы | 5 |
| | **Баллдардын суммасы** | 24 |
| | **Орточо балл** | 4,8 |
| **II** | **Жаңылыктардын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөөнүн принциптүү жаңылыгы | 4 |
| 2. | Илимий-усулдук мамиленин жаңы экендиги | 4 |
| 3. | Көтөрүлгөн негизги жоромолду типтештирүү | 5 |
| | **Баллдардын суммасы** | 13 |
| | **Орточо балл** | 4,3 |
| **III** | **Сапаттын жана деңгээлдин чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөөнүн уюштурулушу жана методологиясы | 5 |
| 2. | Илимий теориялык ресурстары | 5 |
| 3. | Изилдөөнүн илимий колдонуучулук ресурстары | 4 |
| 4. | Материалдарды иштеп чыгуунун негиздүүлүгү | 4 |
| 5. | Теориялык натыйжа (фундаменталдуулугу) | 5 |
| 6. | Натыйжалардын практикадагы зарылдыгы | 4 |
| 7. | Максаттын жана милдеттин ишке ашырылыш деңгээли | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | 31 |
| | **Орточо балл** | 4,4 |
| **IV** | **Апробацияланганлыктын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Публикациянын толуктугу, деңгээли жана географиясы | 5 |
| 2. | Ачык апробациялоонун толуктугу жана географиясы | 5 |
| 3. | Белгиленген муктаждыкты канааттандыруу деңгээли | 5 |
| 4. | Изилдөөгө жеке салым | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | 19 |
| | **Орточо балл** | 4,7 |
| **V** | **Жол-жоболоштуруу сапатынын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1 | Диссертацияны жол-жоболоштуруунун сапаты | 4 |
| 2. | Авторефератты жол-жоболоштуруунун сапаты | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | 8 |
| | **Орточо балл** | 4 |
| **VI** | **Диссертацияны «өткөрүүнүн» чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Коргоо алдындагы жол-жоболордун шайкештиги | 5 |
| 2. | Коргоо жол-жоболордун шайкештиги | 5 |
| | **Баллдардын суммасы** | 10 |
| | **Орточо балл** | 5 |
| | **Баллдардын жалпы суммасы** | **105** |
| | **Орточо балл** | **4,6** |

Расмий оппонент: п.и.д., профессор Дюшеева Н.К.